# “Жан кызым”

**Созу: Айсалкын Сыдыкбекова**
**Обону: Туратбек  Дүйшеев**

Ак куумсуң жандай сүйөөрүм кызым,

Жаркырап айдай гүл өнүң кун кызым.

Жериңди барган гүлзарга бөлөп,

Бактылуу күндү сүр өмүр гүл кызым.

**Кайырма:**

Үйүмдөн узап барасың кызым,

Энеңдей эне табасың нур кызым.

Кирдетпей оюн сыйлап ал кызым,

Карыдан бата аласың нур кызым. ( 2жолу)

Өмүрдүн өзү тарых бул кызым,

Максатың болсун багыттуу наз кызым.

Элиңдин урмат сыйына татып,

Энеңдин жүзүн жарык кыл жан кызыл.

**Кайырма:**

Ал үйдүн аткан таңы бол кызым,

Акактай таза жары бол нур кызым.

Тукумун улап уул кызды көрүп,

Ар дайым өчпөс шамы бол сен кызым. ( 2жолу)

Кебиңди айтаар бүтүндөй кызым,

Капылет келбей бүтүмгө кел кызым.

Аска зоо болуп бийикте турган,

Атаңдын баркын түшүрбө күн кызым.

**Кайырма:**

Акылың жетип ардагым кызым,

Намыстын туусун кармагын гүл кызым.

Кайын журт деген өз жүртуң болот,

Кажыбас эмгек арнагын ай кызым.